**2020-2021-окуу жылынын №8 Д.Молдогазиев атындагы Шаты жалпы орто билим берүү мектебинин өзүн-өзү баалоосу.**

2020-2021-окуу жылында №8 Д.Молдогазиев атындагы жалпы орто билим берүү мектеп Билим берүү мыйзамына Билим берүү тармагында иштеп жаткан Улуттук программаларга жана мектептин Уставынын негизине ылайык иштеди. Окуутуну жана тарбия берүүнү жакшыртуу планынын милдеттерине жараша кезектеги мониторинг жана мектептин ишмердүүлүгүнүн жыйынтык баасы төмөнкү аспектилерге негизделген :

1. **Окуу планын аткаруу**
2. **Окуучулардын жетишкендиктери(окуучулар ээ болгон көндүмдөр)**
3. **Үйрөтүү, тарбия берүү окутуу**
4. **Мектептеги кызмат жана ички эрежелер**
5. **Ресурстар**
6. **ОТЖПны башкаруу жана ишке ашыруу**

1 Окуу планын аткаруу.

№8 Д.Молдогазиев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде 6 жаштан 18 жашка чейинки улан-кыздар билим алышат, алардын 98,3% кыргыз, 1,7% татар улуттар ынан. Мектеп Түп айыл өкмөтүнүн аймагында жайгашкан. Мектеп үч баскыч менен окутулат. Мектепте аз камсыз болгон үй бүлөдөгү окуучулар 25 ал 7,2%:, томолой жетимдер 1 окуучу ал 0,2%, жарым жетимдер 11 окуучу ал 3,17%, көп балалуу үй бүлөдөгү окуучуларджын саны 24 ал 6,9%ды түздү. 2020-2021-окуу жылынын аягында 51 окуучу отличник ,78 окуучу ударник болду. Мектепте кружоктук секцияларга 62% окуучулар, алардын 32% спорттук секцияларга катышат. Азыркы учурда айылдык мектепте актуалдуу болгон баардык ресурстарды (маалыматтык, материалдык) колдонгон баланы маданий жактан өнүктүрүү болуп саналат.

**Кластардын контингенти:**

| **Класстар** | **Бардыгы** | **Кыргыз тилинде** |
|---|---|---|
| **1-4** | 8/150 | 8/150 |
| **5-9** | 9/167 | 9/167 |
| **10-11** | 2/30 | 2/30 |
| **1-11** | 19/347 | 19/347 |

Мектептин жогорку класстары беш күн, башталгыч класстар беш кундук окуу менен окутулат. Мектепте төрт усулдук бирикме иш алып барат .

| № | Усулдук бирикменин аталышы | Жетекчиси | Усулдук бирикмедеги мугалимдердин саны |
|---|---|---|---|
| 1 | Табигый-математикалык багытындагы усулдук бирикме | Аманкулов Каныбек Молдакматович | 7 |
| 2 | Гуманитардык багыттагы усулдук бирикме | Чукумбаева Жийде Жолочиевна | 10 |
| 3 | Башталгыч класстардын усулдук бирикмеси | Абдыкалыкова Гүлзат Арзыматовна | 8 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4 | Эстетикалык багыттагы усулдук бирикме | Казиева Рахат Алымбаевна | 4 |

Бардык предметтерден окуу планынын негизинде предметтик мугалимдер тарабынан календардлык-тематикалык пландар пландалды. Башталгыч класстардын мугалимдери кыргыз тили, математика предметинен предметтик компетенттүүлүктүн негизинде сабактарды өтүштү. Окуучулар мектептин базасында билим алууга жана ийримдерге катышууга мүмкүнчүлүгү бар. 2020-2021-окуу жылында Билим берүү мыйзамында,билим берүү тармагында иштеп жаткан Улуттук программаларга жана мектептин уставына ылайык иштер аткарылды. Мектепте базистик окуу планына ылайык окутулду. Бардык предметтер Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен типтүү окуу программаларына ылайык өтүлдү. 2-баскычтагы окуу планында англис тили сабагы көбөйдү. Окуу планын мектептик компонентти окутуунун жогорку баскычында тандоого мүмкүн болуп информатика сабагынан 8а, 8б-класстарга мугалим Бактыбек уулу Эржанга жана 5 –класстарга орус тили сабагынан мугалим Карабаева Аида Дооткевнага берилген. Тереңдетип окутуу максатында,окуу программасын мугалим Бактыбек уулу Эржан жана Карабаева Аида Дооткевна иштеп чыгып , мектеп директору тарабынан бекитилген. Программалар предметтик мугалимдер аркылуу берилген сааттарга ылайыкташтырылып ,2020-жылдын август кеңешмесинде бекитилди. 5-9-класстарга предметтик стандарт киргизилип окутулду.

**2. Окуучулардын жетишкендиктери**

2020-2021-окуу жылынын башында мектепте 358 окуучу билим алды. Булардын 188 кыз бала 170 эркек бала 19 класс комплекти бар.

Башталгыч класстарда баардыгы 155/74

5-9-класстардын баардыгы 172/95

10-11-класстарда 31/19

Жыл ичинде 12 окуучу келди 8 кыз бала. Билим сапаты мектеп боюнча 41,15% түзүп былтыркы окуу жылына салыштырганда 2,5%төмөндөгөн. Мисалы, анын ичинде биринчи баскычтар.

1. 1а-кл 18/9
2. 1б-кл 18/7
3. 2а-кл 19/9 46,6%
4. 2б-кл 21/9 45%
5. 3а-кл 21/12 50%
6. 3б-кл 18/9 33%
7. 4а-кл 20/12 38%
8. 4б-кл 20/7 42,3%

Жалпы алганда 42,4%ды түздү. Ал эми ортонку баскычта болсо,

1. 5а-кл 23/13 45%
2. 6а-кл 19/13 37%
3. 6б-кл 20/10 35%
4. 7а-кл 18/10 43,7%
5. 7б-кл 18/9 31,2%
6. 8а-кл 18/10 47,5%
7. 8б-кл 18/10 44,7%
8. 9а-кл 17/10 33%
9. 9б-кл 21/10 33,3%


Жалпысынан алганда 38,8%ды түздү. Ал эми

1. 10-класс 14/8 38%
2. 11-класс 17/11 46,4%

Отличниктер 51/38
Ударниктер 78/57 Жалпы 41,1%

**билим сапат боюнча 5 жылдык мониторинг**

**(2017-2021-окуу жылдары үчүн)**




**2016-2017-окуу жылындагы билим сапаты -42%**


**2017-2018-окуу жылындагы билим сапаты -43%**

**2018-2019-окуу жылындагы билим сапаты -40,1%**

**2019-2020-окуу жылындагы билим сапаты -43,6%**

**2020-2021-окуу жылындагы билим сапаты -41,15%**

| Чейрек | 1-4-класс | 5-9-класс | 10-11-класс | жалпы |
|---|---|---|---|---|
| 1-чейрек | 37 | 34,3 | 34,5 | 35,2 |
| 2-чейрек | 40,4 | 40 | 40,9 | 40,4 |
| 3-чейрек | 37,9 | 38,7 | 42,2 | 39,6 |
| 4-чейрек | 42,45 | 38,8 | 42,2 | 41,15 |
| жылдык | 42,45 | 38,8 | 42,2 | 41,15 |




Жыл ичинде райондук олимпиадалардан да «жакшы» ийгиликтерге жетиштик тарых сабагынан 11-класстын окуучусу Асанова Назми райондук олимпиададан 1-орунга, 10-класстын окуучусу Жекшенов Кутман 1-орунга ээ болушту мугалим Нургазиева Гулниза Шаршембаевна, Химия сабагынан 9-класстын окуучусу Касенова Айзирек 2-орунга ээ болду мугалими Сталбек кызы Кымбат, Информатика сабагынан 10-класстын окуучусу Касенова Элвина 3-орунга жана 11-класстын окуучусу Муратова Аделя 2-орунга ээ болушту мугалими Бактыбек уулу Эржан, математика сабагынан 9-класстын окуучусу Бекбосунова Айдай 1-орунга ээ болду мугалими Шерботоева Бурулкан, англис тили сабагынан 9-класстын окуучусу Иманалиева Нурайым 3-орунга ээ болду мугалими Искакова Аида.

| № | Окуучунун аты-жөнү | Класс | Предмет | Район | Облус | Мугалимдин аты-жөнү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Касенова А | 9 | Химия | 2 | | Сталбек к К |
| 2 | Иманалиева Н | 9 | Англис тили | 3 | | Искакова А |
| 3 | Бекбосунова А | 9 | Математика | 1 | | Шерботоева Б |
| 4 | Касенова Э | 10 | Информатика | 3 | | Бактыбек у Э |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 5 | Муратова А | 11 | Информатика | 2 | | Бактыбек у Э |
| 6 | Жекшенова К | 10 | Тарых | 1 | | Нургазиева Г |
| 7 | Асанова Н | 11 | Тарых | 1 | | Нургазиева Г |

Жыйынтыгында райондук олимпиададан 7 орунга ээ болдук. Жогоруда аты аталган мугалимдерибиздин аракетинин натыйжасында окуучулары байгелүү орундарга ээ болушту. Жыл жыйынтыгында, окуучулары байгелүү орундарга ээ болгон мугалимдерди мектеп грамота менен сыйлады жана окуучуларга Түп райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы тарабынан грамота менен сыйланышты. Быйылкы окуу жылында 9-классты 39 окуучу анын ичинен 20сы кыз бала ийгиликтүү аяктап негизги билим тууралуу күбөлүк тапшырылды.

11-классты 17-окуучу бүтүрдү жана орто билим жөнүндө аттестат алышты. Бүтүрүүчүлөрдүн 41,1% билим алууну жогорку окуу жайларда улантышат, алардын ичинен 29,4%-бюджеттик негизде, 11,7%-контрактык негизде. атайын орто окуу жайларында контрактык негизде 23,5% Ишке орношууда-35,4%


2020-2021-окуу жылында 17 бүтүрүүчүнүн ичинен 16-бүтүрүүчү ЖРТга катышып 44%ды түздү жана төмөнкүдөй баллдарды алышты. Алар:

| № | Ф.А.А | Жалпы балл |
|---|---|---|
| 1 | Асанова Назми | 148 |
| 2 | Аскалиева Жанара | 101 |
| 3 | Бакашева Адинай | 107 |
| 4 | Жакыпалиева Айнура | 153 |
| 5 | Жаманкулов Нурислам | 99 |
| 6 | Жолболдуева Перизат | 169 |
| 7 | Кадыракунова Нурия | 127 |
| 8 | Кыдырканов Данил | 84 |
| 9 | Молдалиева Данакер | 139 |
| 10 | Муратова Аделя | 118 |
| 11 | Оболбеков Куттубек | 73 |
| 12 | Самаев Нуржан | 77 |
| 13 | Улдаканов Кутман | 109 |
| 14 | Усупова Айсалкын | 114 |
| 15 | Шаршембиева Дилбара | 92 |
| 16 | Шаршенов Нуржигит | 94 |


| | | |
|---|---|---|
| | | |

**бүтүрүүчүлөрдүн ЖРТ боюнча 5 жылдык салыштыруу мониторинги**

**(2017-2021-окуу жылдар үчүн)**




**2016-2017-окуу 11-классты 12 окуучу аяктаган**
**2017-2018-окуу жылында бүтүрүүчү жок**
**2018-2019-окуу жылында 11-классты 18 окуучу аяктаган**
**2019-2020-окуу жылында 11-классты 20 окуучу аяктаган**
**2020-2021-окуу жылында 11-классты 17 окуучу аяктаган.**




| Класстар | жакшы | Эн жакшы |
|---|---|---|

| | | |
|---|---|---|
| 1-4-класс | 21,4 | 20,9 |
| 5-9-класс | 26,1 | 12,6 |
| 10-11-класс | 28,8 | 13,4 |
| 1-11-класс | 25,5 | 15,6 |

Жалпысынан 41,15 %ды түздү. мектеп боюча эн мыкты окууган окуучулар 51/38 болуп 14,2%ды түздү ал эми «4» жана «5»ке окууган окуучулар 78/57 болуп 21,7%ды түздү, окуучулардын сабакка катышуусу 98,6%ды түздү. Окуу жылында эн жогорку сапаттуу билимди башталгыч класстардан 3а-класс мугалими Абдыкалыкова Гүлзат Арзыматовна класстын билим сапаты 50%ды түздү. Ортонку баскычта 8а-класс класс жетекчиси Карабаева Аида Дөөткеевна класстын билим сапаты 47,5%ды түздү класста эн жакшы, жакшы окуугандардын саны 8/6 болуп жыл ичинде билим сапаты боюнча өсүү болду. Жогорку баскычтан 11-класстын жетекчиси Жапаева Бурулуш Кадыровна ,бул класста жыл ичинде билим сапаты акырындык менен өсүүнү көрсөттү, анын натыйжасы окуучулардын ЖРТга талыкпай даярдануусунун акыбети деп эсептейм

### 3. Үйрөтүү, тарбия берүү окутуу.

Бул жыл ичинде жалпы мугалимдердин саны 29 алардын ичинен билими боюнча

1. Жогорку билимдүү-21
2. Атайы орто-7
3. Бүтпөгөн жогорку-1
4. Пенсионерлер-5,
5. Эл агартуунун отличниги-3

Мектеп мугалимдери сабактарда интерактивдүү режимде иштеди. Мектеп боюнча 4 усулдук бирикме иш алып барат.

| № | Усулдук бирикменин аталышы | Жетекчиси |
|---|---|---|
| 1 | Башталгыч класстардын усулдук бирикмеси | Абдыкалыкова Г |
| 2 | Гуманитардык багыттагы усулдук бирикме | Чукумбаева Ж |
| 3 | Табигый математикалык усулдук бирикме | Аманкулов К |
| 4 | Эстетикалык багытындагы усулдук бирикме | Казиева Р |

Башталгыч билим берүү мектебинде бардыгы 8 мугалим эмгектенет. Алардын ичинен 3 мугалим жогорку билимдүү жана 5 мугалим атайын орто билимдүү. Жыл башында мамлекеттик стандартка ылайык баардык мугалимдер календарлык-тематикалык пландарын иштеп чыгып бекиттиришип ошол пландын негизинде жыл бою иш жүргүзүштү. Метод бирикме жетекчиси Абдыкалыкова Гүлзат метод бирикменин бир жылдык планын түзүп, метод бирикмедеги мугалимдер менен бирдикте иш жүргүзүштү. Жыл башында жөндөмдүү окуучулар жана жардамга муктаж окуучулар менен иштөө пландары түзүлүп бул менен 2-3күндөрү окуучулар менен иштешти. Бирок дүйнөлук пандемияга байланыштуу сентябрь айынан 1а,1б-класстага офлайн окуу жүргүзүлдү 2-декабрдан баштап 2-4-класстар офлайн окууга өтүштү. Башталгыч класстын мугалимдери 2020-2021-окуу жылында алгылыктуу иш жүргүзүштү десем болот. Декабрь айынан баштап Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги USAID дин «Керемет окуу» долбоорунун негизинде «3-модуль Башталгыч мектепте балдар китебин пайдалануу жана 4-5-модулдар «Башталгыч мектептеги чыгармачыл жана күн сайын жазуу » деген программаны башталгыч

класстын 8 мугалими май айына чейин онлайн окуду жана ар бир модулдан кийин арадагы тестерди тапшырып турушту. Ар бир модулду окугандан кийин мугалимдер стратегияларды сабактарына колдонуп турушту. Бул модулдагы стратегияларды ар бир сабакта колдонуу менен балдардын жакшы ой жүгүртүп өз алдынча чыгармачыл иштөөгө жана топто өз оюн туура жазууга сулуу,иреттүү жазууга көнүгүштү. Көркөм жомок китептерди ата-энелери менен бирге окуп китепче жасап жана аны жактап бере алышты. Класстан тышкаркы окуу сабагында USAIDдин китептери менен окуду. Мектептеги 2-4-класстар чыгармачыл жазуу дептерин уюштурушту.Окуган чыгармага бала кыскача пикир авторго, пирамида окуясын жана жалпылоо жазганга үйрөнүштү. Бул керемет окуу боюнча жыйынтыктоочу тестерди тапшырышты. Бүткүл дүйнөлүк китеп окуу күнүнө карата мектепте чон иш чара өтүлдү. Китеп күнүнө карата «Окуу куржуну» уюштурулуп ар бир класс эстафета кылып өткөрүштү.Бул иш чара жогорку денгээлде өтүлдү. Февраль айында башталгыч класстардын декадасы өтүлдү. План түзүлүп бекитилип иштер өткөрүлдү. Абдыкалыкова Гүлзат «Баарынан ким күчтүү», Исакова Нурсия «Байчечекей»,Берикбаева Элмира»Ууру үкү», Турсунбаев Сабыр» Көктөм ыры», деген темада ачык сабактарды өтүштү. .Адабий окуу сабагына гана байкоо жүргүзүштү, өз ара сабакка катышуунун жаны формасы менен сабак бааланып турду.1-класстар үчүн өзүнчө тиркеме жана 2-4-класстар үчүн өзүнчө тиркеме менен бааланып турду. Ар бир мугалим ачык видео сабактарына ата-энелери менен бирге чогу өтүштү.Сабакка катышкан мугалимдер сабагына анализ тиркеме боюнча ачык жүргүзүштү. Бул колдонмо аркылуу сабака анализ берүү эн жакшы жыйынтык берип турду.Анткени сабакка анализ берүүнун негизги максаты мугалимге усулдук колдоо көрсөтүү мына ушунун үстүндө иштөө март айына чейин жүргүзүлдү .Декадада математика,адабий окуу,кыргыз тил, мекен таануу жана сүрөт сабактары боюнча өтүлдү.Ачык сабактар,көркөм окуу кечелери,жомок китептерди жасоо конкурстары өткөрүлдү. Башталгыч класстардын окуучулары жомок китептерди жасоого ата – энелери менен бирге катышышты.Эн жакшы жасалган китептерди сынак менен тандап .Ар бир мугалим көргөзмөлүү ачык сабактарды өтүштү.Ар бир мугалимдин сабактарына анализ берилип турду.Окуучулардын шар окуусу, кол жазмасы, түшүнүп айтып берүүсү метод бирикме жетекчиси жана класс жетекчиси менен бирге текшерилди. Жыйынтык чыгарылып турду.Ар бир мугалимдин өтүлгөн сабактары жаны методдор менен өтүлдү, ата энелер сабактарга келип катышып бирге анализдер берилди.Ар бир предмет боюнча декаданын жыйынтыгын предметтерден суммативдик тестерди алып жыйынтык чыгардык.2а-класс математикадан 34,8%,адабий окуудан 40,6% берди.2б-класс математикадан 38,5%, адабий окуудан38,5% берди.3а-класс математикадан 40%,адабий окуудан 40,1 берди.3б-класс математикадан 40%, адабий окуудан 40% берди.4-класс математикадан 38,7, адабий окуудан 38,7% берди. Метод бирикме жетекчиси Абдыкалыкова Гүлзат эжей өз убагында маалыматтарды берип турду. Мектеп жетекчилиги тарабынан башталгыч класстардын декадасы «эн жакшы» деп белгиленди. Апрель жана май айларында «Керемет окуу»долбоору боюнча ачык көргөзмөлүү сабактарды мугалимдер даярдашты долбоордун тренери Мырзабаев Таалай агай келип сабактарга катышып эн жакшы деген баа берди. Иманалиева Жайна эжейдин көркөм өнөр сабагы боюнча сабак өтүп мыкты деген баа берилди. Омүрзакова Айгуль эжей дагы турмуш тиричилик сабагынан ачык көргөзмөлүү сабакты өттү. Сабагы көргөзмөлүү өтүлдү жана эн жакшы денгээлде өтулдү деп макталды.

Гуманитардык усулдук бирикмеде кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты, англис тили предметтери камтылган. Бирикмеде 9 мугалим эмгектенет.

Окутуунун сапатын жакшыртуу максатында жаңы окуу жылына төмөнкү милдеттер кабыл алынды:

1. Көндүмдөрдү өнүктүрүү боюнча окуу жана окуудан тышкаркы иштерди уюштуруу;
2. Жаңы усулдук ыкмаларды колдонуу;
3. Баалоонун ар түрдүү усулдарын пайдалануу;
4. Окутууда коюлган милдеттерге талап коюп жыйынтык чыгаруу;
5. Жөндөмдүү окуучулар менен иш алып барууда инновациялык усулдарды колдонуу;

Окуу жылынын башында кыргыз тили жумалыгы эң жакшы өткөрүлүп, иш чараларды кыргыз тилчи мугалимдер өз пландары менен ар кандай темаларды КВНдерди, кечелерди, ачык сабактарды, диспут-викториналарды, тегерек столдорду өткөрүшүп, отчётту районго өз убагында жиберип турушту. Ошондой эле кыргыз тилинин үч айлыгы өтүп, ай сайын отчёт беришти. Иштери " жакшы» деп бааланды. Мындан тышкары жогорку класстын окуучулары үчүн билим деңгээлин текшерип жылда өтүүлүүчү мектептик, райондук,областтык олимпиядаларга даярдык көрүшөт. Мектепте болгон мини олимпиадада жеңген окуучуулар райондук олимпиадаларга жолдомо алышат. Мектеп боюнча быйылкы окуу жылында гуманитардык багыттагы усулдук бирикмеден даярдаган бир нече окуучу барган жана ошолордун ичинен 4 окуучу байгелуу орундарга ээ болушту. Кыргыз тил сабагынан 11-класстын окуучусу Санжарбеков Анвар райондук олимпиададан 1-орун алып областтык олимпиадага жолдомо алган.Ал окуучуну даярдаган мугалим Чукумбаева Жийде .Орус тили сабагынан 10-класстын окуучусу Бахтиярова Перизат 3-орунга ээ болгон.Даярдаган мугалим Жапаева Бурул. Тарых сабагы боюнча 9-класстын окуучусу Жекшенов Кутман 2-орун, 10-класстын окуучусу Асанова Назми 1-орунга ээ болушту. Мугалими Нургазиева Гульниза. Февраль айында жаран таануу сабагы боюнча райондук деңгээлде «2020-жыл - балдарды коргоо жылына» карата семинар болуп ага Түп райондук балдарды коргоо борборунун директору Кувандыков Расул Мергенбековичти мейманга чакырып, мугалим Нургазиева Гульниза жана соц.педагог Бектенова Назира менен бирдикте «Балдардын сынагынан сынбайсызбы?» деген темада дебат өткөрүлдү. Ага зомбулукту болтурбоо боюнча түшүндүрүү иштерин Расул Мергенбекович да кошумчалады. Окуучулар даярдаган суроолорун берип толук кандуу жооп ала алышты. Дебат эң жогорку деңгээлде өтүп эки тараптан тең ыраазычылык сөздөр айтылды. IV чейректе пандемияга байланыштуу сабак онлайн форматта болду. Мугалимдер окуучулар менен онлайн сабактарды өтүп жатты. Теле сабактар көргөзүлүп, мугалимдер кошумча ZOOM, WhatsAPP тиркемелери аркылуу окуучуларга кошумча тапшырма берип, кайтарым байланыш түзүп жатышты. Мисалы орус тили сабагынан Жусупова Гулнар окуучуларга терең түшүнүк бериш үчүн интернет булактардан, ар кандай шилтемелерден, даяр материалдардан видео сабактарды жиберип кайтарым байланыш алып жатты. Ар бир мугалимдин сабагы ачык өтүлдү. Анткени ата – энелер ар бир сабакка катышып көзөмөл болуп жатышты. 5-класстар боюнча 70% окуучу катышты. Калгандарынын телефондору жок болгондугуна байланыштуу онлайн сабакка катыша алган жок. 6-класста 55% окуучу катышты. Калган окуучу үй – бүлөлүк шартына байланыштуу катышкан жок. 7-класстар боюнча 60% катышып, 12 бала үй – бүлөлүк шартына байланыштуу катышкан жок. 8-класстарда 45% катышты. 9-класста 42%, 10-класста 50%, 11-класста 57% окуучулар катышышты. 6-класста орус тили мугалими Жапаева Бурул "Наклонение глагола" деген темада "Употребление частицы **не** с глаголами", "Экскурсия в музей изобразительных искусств", "Спорт в твоей жизни". 8-класста Ч. Айтматов "Ранние журавли", Н. А. Заболоцкий "Не красивая девочка". 10-класста Л. Н. Толстой повесть "Хаджи – Мурат". 11-класс Ч. Айтматов "И дольше века длится день" деген темаларда видео сабактарды өттү. Ошондой эле Жеңиш күнүнө карата видео роликтер жасалды. Ушул сыяктуу кылып кыргыз тили мугалими Алпарова Жамал адабият сабагынан Б. Жакиевдин "Атанын тагдыры" драмасы боюнча видео сабак өтүп "жакшы" деп директор тарабынан бааланып районго жөнөтүлдү. 8-класста адабият сабагынан Калыгул Бай уулунун "Терме – санат" ырлары боюнча видео сабак өттү. ылайыктуу кылып жасап сабактарды өтүп жатышты.Окуучулардын дээрлик бардыгында телефондору талапка ылайык болбогондуктан аралыктан окутуу көп кыйынчылык жаратты.Интернет тартпай балдар ZOOM программасына толугу менен кире алышпай көбүнчө WhatsAPP менен окууга туура келип жатты. Теле сабактар аркылуу мугалимдер окуучулардан кайтарым байланыш жүргүзүп тургандыгы билинди. Ар бир мугалим 15 мүнөттүк мөөнөттө мектеп тарабынан түзүлгөн жүгүртмө боюнча төмөндөгүдөй программалар менен: WhatsAPP, InShot, KineMaster, ZOOM, VivaVideo менен иш жүргүзүштү. Май айынын аягына чейин окуучулар жана ата – энелер менен бирдикте иш жүргүзүлдү.

Ал эми, табигый математикалык бирикмеде 7 мугалим эмгектенди. Усулдук бирикмеде окуучулардын эске тутуусун калыптандыруучу ачык тесттер түзүлүп, түзүлгөн тесттер окуучулардын билим денгээлин текшерүүдө колдонулду. Иштелип жаткан иштердин жыйынтыктары 10 күндүк декадада көрсөтүлүп турду. Ар бир предмет боюнча олимпиадага даярдоо өз учурунда аткарылды. Өткөрүлгөн райондук олимпиадада окуучулар төмөнкүдөй орундарга жетишишти. Информатика предметинен 11-класстын окуучу Муратова Аделя 2-орунга, 10-класстын окуучусу Касенова Элвина 3-орунга, химия предметинен 9-класстын окуучусу

Касенова Айзирек  2-орунга, математика сабагынан 9-класстын окучусу Бекбосунова Айдай 1-орунга ээ болушту.

Эстетикалык усулдук бирикмеде 4 мугалим эмгектенет.  Спорт боюнча токтоло кетсем быйылкы окуу жылында окуучуларыбыз спорттук мелдештерге барып аймактан, райондон байгелүү орундарга ээ болуп келишти. Волейбол оюну боюнча мектептин кыздар курама командасы райондун ичинде өткөн мелдештерде биринчи жана үчүнчү орундарга ээ болушту.  Волейбол оюну боюнча 2005-2006-жылкы эркек балдар арасында        Ысык көл областык өспүрүмдөр лигасында эки жолу 1-орунга, бир жолу 2-орунга жана бир жолу 3-орунга ээ болушту.   Маданий-спорттук иш чаралардын жыйынтыгынын негизинде райондогу мектептердин ичинен 1-орунду ээлешти.

4. **Мектептеги климат жана ички эрежелер**

Мектептин педагогикалык, окуучулар,а та-энелер жааматты  мектептин этикалык кодексин сакташат. Бири-бирин сыйлоо, көйгөйлөрдү конструктивдүү чечүү анын негизи. Конфликтүү учурлар биргиликтүү конфликтер боюнча комиссия менен чечилет.

Мектепте окуучулар менен иштөө иштерин соц.педагог жана уюштуруучу бирдикте иш алып барышат.

Бардык класстардын класс жетекчилери мектептин тарбиялык иштер боюнча уюштуруучусу менен бирдикте он багыт менен иш план түзүп жаан иш пландын негизинде класстык сааттарды , диспут, тегерек стол,  ж.б. өтүшөт.

Мектепте ата-энелер менен иштөө жакшы жолго коюлган. Жыл сайын ата-энелердин сабакка катышуу декадасы өткөрүлүп турат.Ата-энелердин арыз, даттанууларын  жазуу үчүн атайын журнал уюштурулган. Окуучулар үчүн ишеним кутучасы түзүлгөн.

Мектеп билим берүү мыйзамынын 6,7жаштан 17 жашка чейинки балдарды кабыл алат. Мектепке кабыл алууда окуучунун ата-энеси же алардын ордун алмаштыруучу адамдар тарабынан мектеп директоруна арыз жазылып алынат. Мектепке кабыл алууда окуучунун өздүк документтери толук болууга тийиш (туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү, ОМС, медсправка). 1-класска кабыл алуу үчүн мектеп директорунун буйругу менен медико-педагогикалык комиссиянын курамы бекитилет. Мектеп окуучуларынын формасы ата-энелердин чогулушунун 2017-жылдын 13-сентябрындагы №1 протоколу менен бирдиктүү форма кабыл алынган.

Өлкөдөгү жаралган кырдаалга жараша жыйынтыктоочу аттестациялар аралык түрдө өткөрүлдү.

9-класстар үчүн 2-10-июнь аралыгында

11-класстар үчүн 2-10-июнь аралыгында

Июнь айында орто билими тууралуу күбөлүк, жетилүү аттестаты тапшырылат. Өз билимдерин көтөрүүсү боюнча мугалимдер 5 жылда бир гана жолу курстарга барууга мүмкүнчүлүк алат. Мектептеги мугалимдердин 13,7% же  4 мугалим, жаш мугалимдер болуп, алардын бай усулдук тажрыйбаларынын жетишсиздиги жалпы окуу билим  сапатына өз таасирин тийгизүүдө. Жылына мугалимдерди педагогикалык-психологиялык денгээлдери боюнча өз билимин көтөрүү боюнча тесттер алынып турат. Жалпы педагогикалык жамааттын ар бир мугалимдеринин профессионалдык денгээлин көтөрүү, курстар, семинар, тренингдерди өткөрүп туруу мектеп администрациясы жана усулдук бирикмелердин негизги маселелери болуп кала бермекчи. Педагогикалык кенештерде директор алдындагы кенеште сапаттуу билим берүүгө багытталган маселелер коюлуп жыл ичинде пландын негизинде ачык сабактар, декадалар өткөрүлдү. Мындан сырткары класстан сырткаркы иштер, викториналар, КВН диспут, талкуу ж.б. бардыкпредметтер боюнча өткөрүлөт.

2020-2021-окуу жылынына карата өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоонун концепциясын иш жузунө ашыруунун негизинде тарбиялык жылдык иш планы тузулуп,  мектеп директору тарабынан бекитилди. Мектепте 19 класс комплекти бар, класстарга класс жетекчилер,кабинеттер бекитилип берилди. Ар бир класс жетекчиге тарбиялык иш пландар тааныштырылып,тарбиялык

журналга иш пландар толугу менен жазылып,журналдар толтурулду. Жылдык пландын негизинде айлык пландар тузулду. Балдардын ден соолугун чындоо максатында жуманын ар бир куну саат 7:50до спорттук көнүгүү жасалат. Жуманын биринчи куну окуучулардын жетишүү, катышуунун жыйынтыгы, мектептин ар кандай иш чараларынын жыйынтыктары чыгарылып, активдуу катышкан окуучулар белгиленип, кезметтеги класстар өз кезметин өткөрүп берет. Ар бир класс кабинеттерде класстык бурч, ден-соолук бурчу, коопсуздук эрежелер, окуучунун милдеттери илинип, жазылып иреттелди. Ата-энелердин жалпы мектеп боюнча 3 жолу чогулушу болуп өтүлдү. Ата-энелердин чогулушу башталганга чейинки убакта ата-эне жана окуучу менен биргеликте мугалимдердин жетекчилиги астында кызыктуу иш чаралар өтүлөт. Окуучулардын ата-энелер менен класс жетекчилер тыгыз байланышта иштешет. Ата-энелер учун «Ачык эшик күнү жумасына бир жолу болуп турат. Тарбиялык сааттарда ата-энелер келип катышып; биргеликте көйгөйлөрду чечишет. Тарбиялык иштердин негизги багыттары боюнча иш жургузулду. Планга коюлган ар кандай темадагы иш чаралар өз убагында өткөрүлүп турат. Дал ушундай патриот окуучуларды жаратып, калыптандырып, өстүрүп чыгаруу таалим тарбия берүүчү мугалимдердин башкы максат-мүдөөсү, милдети болуусу талапка ылайык.

Кыргыз Республикасынын билим берүү министрлигинин 2020-2021-окуу жылында бекитилген окуу планы боюнча берилген варианттардын ичинен мектепте окуу планы базистик вариант боюнча тузулуп бекитилген.

Жалпы проблеманын үстүндө иштөөдө «Таланттуу балдардын жөндөмүн өнүктүрүүнүн үстүндө иштөө» үчүн мугалимдерге милдеттендирилген,ошондой эле жаны окуу жылынын башында ал проблемага жараша милдеттер төмөнкүдөй коюлду:

1.Чыгармачыл мугалимдердин таланттуу балдар менен иш жүргүзүүсүн күчөтүү.
2. 10 багыттагы боюнча иштөө.
3. Класс кабинеттердеги жабдуу, жашылдандыруу жана жасалгалоо.
4.Окуучулар менен эстетикалык ,спроттук жана экологиялык тарбия иштерин улантуу.
5.Кыргыз фольклордук чыгармалар аркылуу окуучуларга элдик педагогиканы таанытуу.
6.Окуучулардын интеллектуалдык денгээлин жогорулатуу.

Жыл башында окуучулардын жалпы санын ,класс комплектилерин тактоодо бардыгы 358 окуучу,анын ичинен кыз балдар 188. Жыл аягында 347/184 окуучу болду.

Класс комплект 19

1-смен 8:00-13:05.
2-смен 13:10-18:15.
1-сменде: 1 «а,б,»2 «а,б»,6 «а,б», 7 “а,б”, 8а,8б, 9а, 9б, 10, 11-класстары окушат.
2-сменде: 3а,б, 4 а,б, 5- класстары окушат.

Мектепте класстан тышкаркы таалим-тарбия иштеринин тийиштүү деңгээлде жүргүзүлүшү үчүн атайын иш-чаралардын иш-планы түзүлдү. Окуу убактысы белгиленип, класстар эки сменага бөлүштүрүлдү. Ар бир кабинетке экиден класс 1-2 смена боюнча берилди. Класс жетекчилер өз предметине жараша ар бир класска бекилди. Класс жетекчилер тарабынан окуучулар жөнүндө жалпы маалымат алынды. Ар бир окуу жылына ылайыкталган класс жетекчинин журналы таркатып берилди. Таалим-тарбия иштерин жүргүзүүгө багыт берүүчү журналдагы бөлүмдөргө класс жеткечилер тарабынан толтурулду. Мугалимдер

10 багыт боюнча журналдарды толтурушуп,тарбиялык сааттарды өтүп турушту. Тартиби оор балдар мектеп каттосунда жок.

Класстык тарбия сааттары мектептин окуу расписаниеси коюлуп, класстан тышкаркы жүргүзүлүүчү иш-чаралардын болжолдуу темалары кабыл алынды.. «Балдар кеңеши», «Кыздар кеңешинин» курамдары түзүлүп иш пландары бекитилди.

Жыл ичинде мектепте тартип,тазалык,форма,жетишүү, катышуу ж.б. окуучулардын иш-чараларын көзөмөлдөп туруу үчүн дежурствонун графиги бекитилди. Коопсуздук техникалык эрежелерин сактоо боюнча директордун чарба боюнча орун басары Каптагаев Зарылбек тарабынан окуучуларга маалыматтар берилди. Эмгекти сактоонун эрежелерин түшүндүрүү иштери мектептин уюштуруучусу Ураимов Русланга жүктөлдү. Жол эрежелерин , өрт, табигый кырсыктар коопсуздугун сактоо иш-чаралары класс жетекчилерге жана АЧД мугалимине тапшырылды жана талапка ылайык иш жүзүнө ашууда.

Мектептеги жана класстардагы өзүн-өзү башкаруусунун курамы түзүлдү жана алардын алып баруучу иш-чаралары пландаштырылды. Окуучулардын бош убактысын туура пайдалануусу үчүн атайы кружоктор ачылды.

Мектеп кабинеттеринин тазалыгы ,эстетикалык көркөмдүгү текшерилип, жылуулануусу колго алынып, класстык бурчтарды жаңылантып, кошумча графаларды кошуу менен чыгарылды. Мектеп ичиндеги тазалык,тартип, балдардын формасына талап, мебелдердин сакталышы, китептпердин абалы, класстан тышкаркы иш-чаралар, класстык таалим-тарбия иштери көзөмөлдө болуп, мектеп иштерин жакшыртуу иш-аракеттери жүргүзүлдү.

«Грипптен жана Корона вирустан сактан»оорусуна каршы күрөшүү, «Самын менен дос бол», «Насывай жана анын зыяндуулугу» сабактарынын пландары түзүлүп ,1-11-класстар арасында ден соолук сабактарын өткөзүлдү..

Даталуу күндөр да өз деңгээлинде уюштурулуп: бирок COVID-19 оорусуна байланыштуу окуу процесси онлайн форматта окугандыгына байланыштуу «Билим күнүнө» арналган салтанаты, «Эне тилим сыймыгым» мамлекеттик тилинин бир айлыгы, «Мугалим – мөмөлүү дарак» салтанаты, «Алтын күздүн берекеси» конкурсу, «Табият менен таттуу мамиледе болуу» экологиялык акциясы, жаңы жылды тосуу салтанаттары аралыктан жогорку деңгээлде өткөрүлдү. Бул конкурстарга, майрамдарга, конференцияларга, акцияларга мугалимдер, окуучулар активдүү катышып, өз каалоо-сунуштарын билдире , көрсөтө алышты. Ошону менен бирге октябрь айында "Карысы бардын ырысы бар" деген темада видеоролик жана видео сабак жасалып райондук конкурска 3а-класстын мугалими Абдыкалыкова Гүлзат жиберди.

15-февраль "советтик жоокерлердин Ооган жергесинен чыгарылышына" карата мектепте 8б-класстын окуучулары менен биргеликте айылдагы Ооган согушунун ардагерлеринин катышуусунда ачык тарбиялык саат өтүлдү. Ооган ардагерлерине каалоо-тилектер айтылды, концерттик программа көрсөтүлдү.

Март айында көркөм кол өнөрчүлүктүн "Түркүн баштыктар" эл аралык сынагына кол эмгек мугалими Казиева Рахат эжей окуучулардын жасаган баштыктары менен катышты.

Улуу Ата Мекендик согуштун башталышынын 80 жылдыгына жана Улуу Жеңиштин 76 жылдыгына карата "Жеңиш, Мекен жана согуш жөнүндө ырларды ырдайбыз" республикалык аскердик-атуулдук музыкалык видеороликтер сынагына 9а-класстын окуучусу Шабданбекова Нурзат "Катюша" деген ыры менен катышты. Жетекчиси Бейшеева Айдай.

Улуу Ата Мекендик согуштун башталышынын 80 жылдыгна жана Улуу Жеңиштин 76 жылдыгына карата "Фронттогу каттар" жана "Ошол согуштун баатырларына алкыш" республикалык сырттан өтүүчү аймак таануу, адабий-тарыхый видеотүрмөктөрдүн сынагына 7б-класстын окуучусу Кожокматова Медина, мугалими Даниярова Жылдыз; 9б-класстын окуучусу

Байзаков Ислам мугалими Шерботоева Бурулкан; 9а-класстын окуучусу Омүрканова Чолпон мугалими Бейшеева Айдай; 11-класстын окуучусу Кадыракунова Нурия мугалими Жапаева Бурул эжейлер окуучулары менен бирге катышты.

Республикалык "Кичинекей батарейканын тарыхы" видеотүрмөктөрдүн сынагына 11-класстын окуучусу Жаманкулов Нурислам жетекчиси Аманкулов Каныбек агайдын изилдөө иштери экологиялык конкурска жиберилди.

50-жаштар арасында эл аралык эпистолярдык жанрдагы дилбаяндар сынагына 8а-класстын окуучусу Иманалиева Нурай жана 8б-класстын окуучусу Сейдикеева Неля жазган дилбаяндары жиберилди. Жетекчиси:Даниярова Жылдыз.

Республикалык онлайн флешмоб "Ачык Кыргызстан" деген темада 11-класстын окуучулары катышты. Жетекчиси Жапаева Б.

Ата-энелер университети боюнча да иштер аткарылды. Бир жылдык план иштелип чыгып, бекитилген. Ушул түзүлгөн пландын негизинде класс жетекчилер сабактарын өтүп турушту. Ата-энелер университети боюнча атайын стенд уюштурулду. Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 30 жылдыгына карата ата-эне мектеби боюнча эң мыкты иш чара (класстык саат, тегерек стол, дебат сынактар ж.б.) жалпы билим берүү мектептери үчүн видеотүрмөктүн Райондук сынагына "Муунду тарбиялоо-келечектин кепилдиги" деген темада ачык тарбиялык сааты менен кыргыз тили жана адабияты мугалими Чукумбаева Жийде эжей катышып, райондон 2-орунду ээледи.

Жаз мезгилине карата "Жашылдандыруунун" үч айлыгы жарыяланып, планы иштелип чыккан. Иштелип чыккан пландын негизинде ишембиликтер өтүлдү. Мектептин айлана –чөйрөсүн жашылдандыруу иштери жургузулуп, жаш көчөттөр тигилди.

Уюштуруучу тарабынан түзүлгөн иш-пландын негизинде «Бүчүр» уюмунун класс жетекчилери сүрөт көргөзмөлөрүн,ачык тарбиялык сааттарын уюштурушту. «Жеткинчек»уюмунун класс жетекчилери Улуу Ата мекендик согуштун жана тылдын ардагерлери менен жолугушууларды, диспуттарды, буклет жасоо боюнча тапшырма алышты. «Талапкер» уюмунун класс жетекчилери окуучулар менен чоң масштабдагы «Улуу жеңишке 76 жыл», «Мекеним Кыргызстан»деген темада реферат жазуу,жолугуушуларды өткөрүү,кече өткөрүү боюнча көрсөтмө алышты.

Окуучулардын санитардык-гигиеналык эрежелердин сакталышы боюнча сан.бюллетень уюшулуп, окуучулар арасында «Гripптен жана корона вирустан сактан», "Абайла корона вирус", «Кургак учук» жана «СПИД-XXI кылымдын чумасы» темасында жат жазуулар жана дилбаяндар жазылып,эн мыкты иштер линейкаларда окулуп турду. «Самын менен дос бол»

Жумалык линейкалар өз убагында өтүлүп, дежур класстардын отчеттору талкууланып, өзүн-өзү башкаруу системасы парламент иштери алгылыктуу журуп жатат.

Мектепте өзүн-өзү башкаруу уюму иш алып барат. Мектеп президенти болуп Жолболдуева Перизат шайланган.

Ар бир өтүлгөн парламент заседаниясынын токтомдорунун негизинде маданий –массалык, спорттук иш-чаралар өтүлүп турду.

Воллейбол боюнча мектептин кыздар курама командасы райондук мелдештерде 2 жолу 3-орунду, 2 жолу 2-орунду, 1 жолу 1-орунду ээлешти.

«Укуктук тарбия» боюнча да мектепте алгылыктуу иш-чаралар уюштурулуп,мугалимдер тарабынан «Менин укугум», «Менин милдетим» «Укуктук тарбия берүү» «Кылмыштуулукту болтурбоо» жана «Кыздар кеңешинин» планынын негизинде иштөө ж.б. темаларда тегерек столдор, лекциялар,ата-энелер чогулушу, ачык тарбиялык сааттар өткөрүлдү, дубал газеталар чыгарылды. Райондук өспүрүмдөр менен иштөө инспектору , айылдык кеңештин кызматкерлерлери, жергиликтүү депутаттар, ата-энелер жана окуучулар менен чогулуш өткөрүлүп, пайдалуу укуктук, кылмыштуулукту болтурбоо боюнча кеңештер берилди. Ал эми февраль

айы аскердик - патриоттук тарбия берүү айына айланды. Спроттук иш-чаралар ,мелдештер, согуш жылдарында жаралган ырлардын конкурсу, мелдештери өспүрүмдөрдүн жаш өзгөчөлүгүнө ылайык өткөрүлүп жатты. Класс жетекчилер тарабынан «Эненин ыйыктыгын барктайлычы», «Алтын апам» «Эне сага кандай мактоо жарашат» аттуу жана ачык тарбиялык сааттар өткөрүлдү.

Ал эми бир окуучу областтык «XXI кылымдын интеллектуалдары» кароо –сынагында 3-орунду ээледи.

Мектеп окуучуларынын ата -энелери тарабынан жайкы
эс алуусу туурасында маалымат алынды. Окуу тарбия иштери боюнча пландалган иштердин бардыгы өткөрүлдү. Мектеп ремонту ийгиликтүү ,өз убагында бүттү Жаңы окуу жылына коюла турган максаттар төмөнкүлөр:

1.Кылмыштуулукту болтурбоо иш-чараларын күчөтүү.

2.Ата-энелер менен тыгыз байланышта болуу.

3. Мектептин ички жана сырткы тазалыгын сактоо.

4.Тарбиясы оор окуучулардын ата- энелери менен тыгыз байланышты болуу жана алардын санын азайтуу.